**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел: +996 (312) 620821, факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Борбордук казыналык
ИУЖК: 20327005
БИК: 440201
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел: +996 (312) 620821, факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Центральное казначейство
ОКПО: 20327005
БИК: 440201
ИНН: 01704199610123

№ ______________ «____» ________ 20 ___

Сизд.чыг. (На) № ___________ «_____» _________ 20 ___

**Кыргыз Республикасынын**
**Президентинин Администрациясы**
*чыг: 25.11.2024 ж № М-10738*

**М.М. Мамитов**
*эл. почта [redacted]@gmail.com*
*тел: 0[redacted]*

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - БШК) 2024-жылдын 25-ноябрындагы М.Мамитов тууралуу катты карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет.

2024-жылдын 23-ноябрында БШКнын арыздарды жана даттанууларды кароо, шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъектилерин маалымдоо маселелери жана үгүт эрежелери боюнча жумушчу топтун (мындан ары – Жумушчу топ) отуруму болуп, ага Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы – А.П. Байдөөлөтов жана арызданууучу М. Мамитов видеоконференция аркылуу катышып, маалыматтары угулду.

Жумушчу топ арызды жана ага берилген материалдарды карап чыгып, видеотасмадан алынган сүрөттөрдө көрсөтүлгөн №5400 шайлоо участкасынын ичиндеги жарандар тарабынан үгүт иштерин жүргүзүүнүн белгилери аныкталган жок.

Ал эми, 2024-жылдын 24-ноябрында БШКнын отуруму өтүп, анда М.Мамитовдун арызы Жумушчу топтун сунушу боюнча каралып, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43-беренесине ылайык арыз берүүнүн тартибин бузуу менен берилгендиги тастыкталып, арызды канааттандыруудан баш тартуу боюнча чечим кабыл алынган.

Жогорудагы баяндалгандардын негизинде, БШК аталган чечимдин көчүрмөсүн КР Президентинин Администрациясына жана арыз ээсине жөнөтөт.

*Тиркеме: 2 б.*

**Урматтоо менен,**
**Төраганын орун басары** **Т.У. Шайназаров**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

*Аткр.: Кайыпов Ш. (620184)*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ
ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ЧЕЧИМ
# РЕШЕНИЕ

2024-ж.г. «24» 11 № 310

Бишкек ш.

## М. Мамитовдун Ноокат аймактык шайлоо комиссиясына карата арызы жөнүндө

2024-жылдын 22-ноябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына (мындан ары - БШК) Мамитов Мухаммадазизден Ноокат аймактык шайлоо комиссиясы 2024-жылдын 21-ноябрында анын арызын кароодон баш тарткандыгы жөнүндө арыз келип түшкөн.

Арыз ээси арызында, Гулистан айылдык кеңешинин №1-Фрунзе шайлоо округунун №5400 шайлоо участкасында шайлоо учурунда добуш берүү тартиби жана эрежелери бузулгандыгы тууралуу арызга тиркелген видеотасма тастыктайт деп маалымдаган.

2024-жылдын 23-ноябрында арыздарды жана даттанууларды кароо, шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъектилерин маалымдоо маселелери жана үгүт эрежелери боюнча жумушчу топтун (мындан ары – Жумушчу топ) отуруму болуп, ага Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы – А.П. Байдөөлөтов жана арызданууучу М. Мамитов видеоконференция аркылуу катышып, маалыматтары угулду.

М. Мамитов өз сөзүндө 2024-жылдын 21-ноябрында Ноокат аймактык шайлоо комиссиясына арыз бергендигин билдирди.

Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы – А.П. Байдөөлөтов арыз берүүнүн мөөнөттөрүн бузуу менен берилгендигин тастыктады.

Жумушчу топ арызды жана ага берилген материалдарды карап чыгып, видеотасмада көрсөтүлгөн №5400 шайлоо участкасынын ичиндеги жарандар тарабынан үгүт иштерин жүргүзүүнүн белгилери аныкталган жок экенин белгилейт.

“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 41-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык: “*шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, коммерциялык эмес уюмдар, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыз же даттануу менен кайрыла алат. Арыз,*

*даттануу жүйөлүү болуп жана алар негизденген далилдер менен бирге берилүүгө тийиш."*

Мыйзамдын 43-беренесинин 1-3-бөлүктөрүнө ылайык: "*добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын белгилөө жөнүндө шайлоо комиссияларынын чечимдерине арыздар (даттануулар) менен талапкерлер, талапкерлерди көрсөткөн саясий партия, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар кайрыла алат.*

*Арыздар (даттануулар) добуш берүүнүн жыйынтыгы белгиленген же шайлоонун натыйжалары аныкталган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде берилет.".*

Ушуга байланыштуу, Борбордук шайлоо комиссиясы М. Мамитовдун арызын карап чыгып жана тараптарды угуп, Ноокат аймактык шайлоо комиссиясынын аракеттери негиздүү жана шайлоо мыйзамдарынын алкагында болгон деп эсептейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 42-беренесине ылайык, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2017-жылдын 7-июлундагы №212-токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында шайлоону жана референдумдарды өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин (катышуучуларынын) арыздарын (даттанууларын) шайлоо комиссияларынын кароосунун тартиби жөнүндө" жобону жетекчиликке алып,

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

## ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. 2024-жылдын 22-ноябрындагы М. Мамитовдун арызы канааттандыруудан баш тартылсын.

3. Ушул чечим Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Ушул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөсү, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо, маалымдоо маселелери жана үгүт эрежелери боюнча жумушчу тобунун жетекчиси У.К. Жылкыбаевге жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ
ИШ КАГАЗДАРЫ ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА СЕКТОР
СЕКТОР ПО ДЕЛОПРОИЗВОДСТВУ
ИНН 01704199910123

Бишкек ш., 2024-жылдын 24 ноябры
№ 310